**“БЕКИТЕМИН”**
**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин илимий иштер боюнча проректору, ф-м.и.д., профессор ____________ К.С.Алыбаев**
**“___” ____________ 2021-ж.**

**Маданова Кызбурак Жапаровнанын “Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С.Каралаевдин жана Б.Сазановдун варианттары боюнча)” деген темадагы 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясына жетектөөчү мекеме катары Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын берген корутунду**

# П И К И Р И

**Диссертациянын адистикке шайкеш келиши.** “Манас” эпосу – көп аспектилүү татаал түзүлүштөгү, көп өңүттүү, пикир алышуу үчүн зарыл болгон, түрдүү көз карашта иликтене турган, дүнүйөлүк казынаны руханий жактан байыткан көркөм дөөлөт. Диний түшүнүктөрдөн баштап, кыргыздын каада-салты, ырым-жырымы эпосто кеңири ачылат. Бирок, эпостогу көөнө диний түшүнүктөр системалуу иликтөөгө алына электиги белгилүү. Бул маселе түздөн-түз фольклорстика адистигинин обьектисине кирет. Ушул тараптан алганда, диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына жооп берет жана 10.01.09 – фольклористика адистигине дал келет.

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** “Манас” – кыргыз элинин кеңири белгилүү өзгөчө зор көлөмдүү баатырдык эпосу жана кыргыздардын көптөгөн кылымдар бою өз билгендери менен табылгаларынын алгылыктууларын, басып өткөн жолу менен башынан кечирген окуялар жөнүндөгү маалыматтардын орчундууларын дээрлик бүт чогулткан казынасынын милдетин аткарып, элдин ыйык тутуп, укумдан-тукумга сактап, улам толуктап келе жаткан улуу мурасы, эл турмушунда мааниси, орду боюнча улуттук сыймыгы катары бааланууучу чыгарма.



ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 142/04
«11» 05 2021 г.

Эпостогу архаикалык мотивдер диний жана мифологиялык өңүттө болуп кээде булар синкреттешкен формада да учурайт. Аталган мотивдер жай турмуштук жана согуштук окуялар арасында айтылган чакан кабарлардан гана эмес, элдин абалы, жашоо шарты, үрп-адаты, көз карашы кеңири баяндалган көлөмдүү эпизоддордон, эпостун окуяларынын өнүгүшүндө зор мааниге ээ көлөмдүү бөлүмдөрдөн да арбын жолугат. Эпостун бул мүнөздөгү бөлүмдөрүнүн ар бири калк турмушунун белгилүү бир жагын чагылдырууга арналып, ошол көрүнүшкө тиешелүү ар тараптуу жана терең деталдаштырылган эң бай маалыматтарды ичине камтыйт.

Кыргыз элинин улуттук өзүн таанып-билүүсү жана руханий турмушу өткөндүн маданий мурастарын өздөштүрүү жана алардын азыркы учурдагы жаңы мааниге ээ болуусун баалоого байланыштуу залкар сөз чебери Ч.Айтматов белгилегендей, кыргыз рухунун туу чокусу болгон “Манас” эпосундагы руханий баалуулуктар катарында кыргыз элинин көөнө диний ишенимдери айрыкча орунга ээ. Ошондуктан кыргыздардын маданий турмушунун материалдарынын негизинде байыркы диний ишенимдердин дүйнө караштык маанисин тарыхый-фольклордук планда талдоо жана баа берүү зарылчылыгы **изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугун** аныктап турат.

Диссертацияда баяндалган натыйжаларды алууга автордун конкреттүү жекече катышуусу. Изденүүчү өз изилдөөсүнүн жүрүшүндө аталган маселеге байланыштуу бардык эмгектер менен кылдат таанышкандыгы, алардагы ойлорду жекече дагы, бири- бири менен салыштыруу аркылуу дагы карагандыгы, андагы ийгилик-кемчиликтерди, жетишкендиктер менен мүчүлүштүктөрдү далилдүү көрсөткөндүгү байкалат. Манастаануу илиминин калыптанып, өнүгүшүндөгү көрүнүштөрдү ылайыгына жараша сөзгө алып, өзү изилдеп жаткан объектиге жараша анын карым- катышын тура байкаган. Автор изилдөөдөгү бардык жыйынтыктарды жеке өзү алгандыгы эч күмөн жаратпайт. Анткени ал тема боюнча илимий булактарды, адабияттарды терең изилдеген, аларга конкреттүү серепсалган, өз изилдөөсүнүн материалын, объектисин, предметин, методологиясын, анда колдонулган усулдарды туура сыпаттап берген, аягында жыйынтыктарды ишенимдүү көрсөткөн.

Диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары жана жоболору темага тиешелүү илимий-теориялык, фактылык материалдарды жана көөнө диний ишенимдердин дүйнө караштык маңызын фольклордук-тарыхый планда талдоого негизделип, кыргыз элинин эпикалык мурасы “Манас” эпосун ар тараптуу изилдөөгө кошулган изденүүчүнүн жекече салым болуп саналат.

**Диссертант сунуштаган ар бир илимий натыйжанын (жобонун), тыянактын жана корутундунун негизделүү, аныкталуу деңгээли.** Изилдөөнүн жыйынтыктарынын ишеничтүүлүк даражасы, алардын жаңычылдыгы жана практикалык маанилүүлүгү. Диссертант тарабынан алынган жыйынтыктар ишеничтүү, анткени бардыгы тең конкреттүү фактылар-материалдар менен бекемделген. Изденүүчү манастаануу илиминдеги бардык эмгектерди иликтөөгө алууда, аларды системалаштырууда салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый методдорун колдонуп, анын натыйжасында ишеничтүү, конкреттүү, логикалуу илимий жыйынтыктарды алууга жетишкен.

**Диссертациядагы ар бир натыйжанын (жобонун), тыянактардын, корутундунун жаңылык даражасы.** Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы кыргыздардын ачык дүйнө карашы катары көөнө диний ишенимдерге концептуалдык, фольклордук-тарыхый талдоо жүргүзүүгө аракет жасалгандыгында болуп саналат. Тактап айтканда, диссертацияда:

1. Көөнө диний ишенимдер боюнча эпостун текстинде деталдаштырылган талдоо жүргүзүлөт;
2. Көөнө диний ишенимдердин фольклордук аспектилери каралат,алардын мазмуну, структурасы ачып берилет;
3. Көөнө диний ишенимдердин атрибутикасы классификацияланат, б.а. мифология, жөрөлгөлөр, салт-санаалар, символдор эске алынат;
4. Тотемизмдин “Манас” эпосунун сюжетинде эң көөнө ишеним катары уруунун келип чыгышына байланыштуу келүүсү белгиленет;
5. Анимизмдин байыркы аң-сезимдик маңызы эпостун сюжетинин мисалында көрсөтүлөт;
6. Шаманизмдин ритуалдык-фольклордук, культтук-жөрөлгөлүк мааниси эпикалык мотив тутумунда ачып берилет;
7. Фетишизмдин эпикалык мотив катары эпосто берилиш өзгөчөлүктөрү белгиленет;
8. Теңирчилик ишениминин дин катары келишин тактоого байланыштуу объективдүү тарыхый себептери каралат;
9. Теңирчилик жана исламдын салттуу ишеним жана дүйнөлүк дин катары синкреттешүүсүнүн жана өз ара таасиринин тажрыйбасы эпостун мисалында иликтенет.

**Диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык мааниси** анын негизги жоболору кыргыз элинин көөнө диний ишенимдерин андан ары тереңдетип изилдөө жараянында колдонууга болооруна байланыштуу. Изилдөөнүн темасы окумуштуулар чөйрөсүнүн жана коомчулуктун кызыгууларын жарат. Дин, маданият чөйрөсүндөгү саясат азыркы мезгилде объективдүү, илимий негизделген, перспективдүү

жоболорго муктаж. Ошондуктан, каралып жаткан маселенин практикалык мааниси орчундуу мааниге ээ.

**Изденүүчүнүн илимий эмгектеринин баалуулугу.** Диссертанттын изилдөөнүн негизги жыйынтыктары боюнча жарыялаган эмгектери манастаануу илимине өз салымын кошуп тургандыгы, келечекте башка “Манас” эпосундагы көөнө мотивдерди эпикалык аспектте изилдөө алардын фольклор таануу жана башка илимдерде изилденүүсүнө сереп салдык жана эпостогу көөнө мотивдерди аталган аспектте изилдөө кыргыз фольклористикасынын келечектүү багыты катары келерин ачыктоого аракеттендик.

“Манас” эпосундагы жалпы адамзаттык баалуулуктар, философиялык туундулар кыргыз фольклористикасында эпикалык аспекттеги изилдөөлөрдүн бүтүндөй бир тизмеги үчүн объект болуп бере алат. Бул багытта изилдөөлөрдү жүргүзүү кыргыз фольклор таанусунда андагы эпостаануу салаасынын илимий-теориялык жактан кыйла күчтөөнүүсүнө олуттуу өбөлгө түзөт. Алсак, кыргыз эпостору боюнча төмөнкүдөй темаларда эпикалык аспекттеги изилдөөлөрдү жүргүзө алабыз:

1. Кыргыз эпос таануусунда эпикалык көөнө диний мотивдердин багытынын түптөлүшү жана өнүгүшү;
2. Кенже эпостордогу көөнө диний мотивдердин табияты;
3. Кыргыз элдик поэмаларындагы диний мотивдердин орун алуусу;
4. “Жаныш-Байыш” эпосундагы көөнө диний ишенимдер;
5.“Жаңыл Мырза” эпосундагы көөнө диний эпикалык мотивдердин берилиши;
6. Жөө жомоктордогу көөнө диний мотивдер ж.б.

Биз жогоруда келтирген бир нече темалар келечектеги чоң илимий багыттын айрым гана элементтерин түзөт дешке болот. Мындан байкалып тургандай, “Манас” эпосунун ачыла элек, иликтене элек жагдайлары али да болсо арбын. Аны ар тараптуу эпикалык поэтиканын аспектисинде ар татаптуу изилдөө кыргыз фольклористикасы үчүн ары кызыктуу, ары маанилүү натыйжаларды берет.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши.** Автореферат кыргыз, орус тилдеринде жазылган. Анын мазмуну диссертациянын кол жазмасынын мазмунуна дал келет. Авторефератта диссертациядагы изилдөөнүн негизги маани-маңызы камтылган. Одоно дал келбестик жок. Иште автордун кыргыз, орус жана англис тилинде жазылган резюмелери тиркелген.

Автореферат Кыргыз Республиканын Жогорку аттестациялык комиссиясынын авторефератка коюлуучу талаптарына толук жооп берет.

**Диссертациянын мазмунундагы жана жасалгаланышындагы кемчилдиктер.** Изилдөөдө төмөндөгүдөй мүчүлүштүктөр байкалат:

1.Теңирчилик динин (Кудайдын жалгыздыгын билдирген дин экендигин) тастыктаган методологиялык негиз болчу эмгектерди тактап, тереңирээк талдап берсе жакшы болмок.

2. Диссертациядагы адабияттар тактоого муктаж.

3.Диссертацияда орфографиялык жана пунктуациялык каталар кездешет. (Мисалы: 42-б.: кудай-Кудай, калаган-калган; ж.б.)

Жогоруда айтылган сын-пикирлер диссертациялык иштин жалпы баалуулугуна, илимий деңгээлине таасирин тийгизбейт. Диссертациялык ишти аяктаган иш катары эсептөөгө болот.

Изилдөө боюнча диссертанттын баяндамасын, ага карата айтылган ой-пикирлерди угуп жана талкуулап, Диссертациялык иш Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын кезексиз отуруму төмөндөгүдөй **чечим кылат:**

**Изденүүчү Маданова Кызбурак Жапаровнанын "Манас" эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С.Каралаевдин жана Б.Сазановдун варианттары боюнча)" деген темадагы 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы КР ЖАК тарабынан коюлган талаптарга толук жооп берет жана анын автору 10.01.09 - фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.**

Диссертация 2021-жылдын 29-апрелинде Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана кафедрасынын кезексиз отурумунда №17 протокол менен каралды. Талкууга төмөнкү кафедра мүчөлөрү катышты:

Калчекеев К.Б. ф.и.д., профессор - жыйындын төрагасы, Оморов А. ф.и.к., доцент – жыйындын катчысы, Абдувалиев И. - ф.и.д., профессор Мирзахидова М.И. -ф.и.д., проофессор, Эшиев А.М. - ф.и.д., профессор, Кадырова А.К. - ф.и.к., доцент, Бакирова Г.К. - ф.и.к., доцент, Ажыбаева З.А. ф.и.к., доцент Шакирова М.А. - ф.и.к, доцент. Көчөрова Г.О. - ф.и.к., доценттин м.а. Чокоева Д.М. - ф.и.к., доцент, Шерипбаев А. - улук окутуучу, Токурова А., - улук окутуучу, Ашимбаева Г.С. - улук окутуучу, Жалилова Н.К. - окутуучу, Кошойканов К.А. – окутуучу, Адыкулова А. – улук окутуучу, Өмүрзакова У. – окутуучу, Турсунбаева Ж. – окутуучу, Келдибаева Р. – улук окутуучу, Каленбекова Г. – окутуучу, Назалова Ж. – окутуучу, Кудайкулова Г. – окутуучу, Жапарова Ж. – окутуучу.

**Жыйындын төрагасы, Б.Осмонов атындагы**
**ЖАМУнун кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын**
**профессору, фил.и.д. (10.01.09)** **Калчекеев К.Б.**

**Катчы, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын башчысы,**
**доцент, фил.и.к. (10.02.01.: 10.01.01.)** **Оморов А.**

*Фил.и.д., профессор К.Б.Калчакеевдин жана фил.и.к., доцент, А.Оморовдун колун тастыктайм.*

*ЖАМУнун окумуштуу катчысы, пед.и.к.* *Р.С.Нусупова*